USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# 1-модуль

# Тыбыштык кабыл алуу

## МАЗМУНУ


1. Киришүү 3
2. Тыбыштык кабыл алуу деген эмне? 4
3. Тыбыштык кабыл алууну кантип өнүктүрүү керек? 7
4. Билим алыуу муктаждыктары ар түрдүү болгон окуучулардын тыбыштык кабыл алуусун өнүктүрүү 12
5. Окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн баалоо 15
6. Тыбыштык кабыл алуу көндүмүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр 24
7. Пайдаланылган адабияттар 50

# 1. КИРИШҮҮ

Башталгыч баскычта окууга үйрөтүү – бул текстти түшүнүүгө багытталган, символдордун маанисин ачыюу көндүмдөрүн өнүктүргөн татаал процесс. Символдор – бул сөздөрдү түзгөн тамгалар; сөздөрдөн сүйлөмдөр, сүйлөмдөрдөн текст түзүлөт. Тамгалар – бул тыбыштардын шарттуу графикалык белгилениши жана алардын өзүнүн аталыштары бар. Окуп жатканда окуучу тамгаларды атабастан, тамга менен берилген тыбыштарды айтат. Бул окуу учурунда окуучулар сөздөрдүн графикалык (тамгалык) моделинин негизинде алардын тыбыштык формасын курушат дегенди билдирет. Сөздүн тыбыштык формасы туура түзүлбөсө, окуган текстти түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан окутуунун башталышында мугалим койгон максат – бул кептин тыбыштарын таануу жөндөмүн өнүктүрүү. Бул милдет аткарылып окуучу тыбыштардын графикалык белгиленишин колдонуп, аларды эркин бөлүп көрсөтүп жана бириктире алса, окуган текстти түшүнүүгө өтүү мүмкүн болот.

Окутуу тамгадан тыбыштык мааниге эмес, тыбыштык мааниден тамгага багытталган окууга үйрөтүү усулу тыбыштык деп аталат. Анда окуучулар адегенде оозеки айтылган сөздү тыбыштарга ажыратат жана аларды бүтүн сөзгө чогултушат. Андан соң алар тыбыштарды графикалык белгилениши (тамгалар) менен өз ара байланыштырууну үйрөнүшөт. Мына ошентип, тыбыштар менен иш окуучулардын тамгалар менен таанышуусун жана иштөөсүн билдирет. Эмне үчүн окутуу сөздөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүүдөн башталат? Бул айтылган тыбыштарды сөздүн түзүмүндө гана айырмалоо мүмкүн экенин билдирет. Демек, бүтүн сөздү айтуу менен андагы тыбышты бөлүп кароого болот. Бирок окуучу сөздөн тыбышты бөлүп көрсөтө алышы үчүн, бир эле сөздү, андагы тыбыштардын ар бирине ирети менен басым жасап, кайталоо керек. Мисалы, «апа» сөзү – А-п-а, а-П-а, а-п-А. Муну окуучуларга үйрөтүү керек.

> Алфавиттеги тамгалардын санына салыштырмалуу жандуу кепте колдонулган тыбыштардын саны бир кыйла көп. Тыбыш – бул сөздөрдү айтканда кулакка угулган үндөр. Кыргыз тилинде бардык тыбыштардын өзүнө тиешелүү тамгалары жок. Тыбыштык кабыл алуунун маанилүү баскычы болуп үндүү-үнсүз тыбыштарды, жоон-ичке үндүү тыбыштарды, жумшак – каткалаң тыбыштарды айырмалоо, сөзгө басым коюу, тыбыштарды алып салуу жана кошуу эсептелет.

Окуучулар тыбыштарды үйрөнүп, тамгалар менен таанышкандан кийин, окуунун негизги механизмин – чечмелеп окууну (декодирлөө жөндөмүн) калыптандырууга өтүүгө болот. Чечмелеп окуунун жардамы менен окуучулар тыбыштарды сөздөргө, сөздөрдү сүйлөмдөргө, сүйлөмдөрдү текстке бириктирүүгө үйрөнүшөт. Чечмелеп окуу боюнча материал «Алфавит менен таанышуу» бөлүмүндө берилген.

Бул модулду өздөштүрүүнүн натыйжасында тренингдин катышуучулары:

– тыбыштык кабыл алуу жөнүндө өзүнүн түшүнүүсүн кеңейтишет;
– башталгыч класстардын (1–4 класс) окуучуларынын тыбыштык кабыл алуусун кантип өнүктүрүү тууралуу билишет;
– тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр жана стратегиялар менен таанышышат.

# 2. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Ар бир тил кептеги тыбыштарын белгилүү тизмегин пайдаланат. Бала ар башка тыбыштарды айырмалап, үйрөнгөндөн баштап сүйлөй баштайт. Бул тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын таанып билүүгө түрткү болот. Тилдин түзүлүшүн жана тыбыштык курамын билүү окууга үйрөтүүнүн биринчи баскычтарында маанилүү ролду ойнойт. Сөз тыбыштардын катарынан турганын түшүнүү – **тыбыштык сезгичтик жана тыбыштык кабыл алуу** көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн эң керектүү фактор болуп эсептелет[1].

**Тыбыштык кабыл алуу** – бул тыбыштык курамды айырмалай билүү жөндөмү.

Калыптанган тыбыштык кабыл алуу – тыбыштарды так айтуунун, сөздүн туура муундук түзүлүшүн өздөштүрүүнүн кепилдиги болуп, тилдин грамматикалык курамын үйрөнүүнүн, демек, окуучунун окууну жана жазууну ийгиликтүү өздөштүрүүсүнүн негизин түзөт.

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуусу жакшы болсо, алар так сүйлөшөт жана орфографиялык жактан сабаттуу болушат, анткени бардык кептик тыбыштарды так кабыл алышат.

Мугалим окуучуга сөздөгү ар бир тыбышты угуу, катар турган тыбыштан так бөлүү, сөз кандай тыбыштардан куралганын билүү, сөздүн тыбыштык курамын талдоо жөндөмүн өнүктүрүүгө жардам берүүсү маанилүү. Мугалим окуучуларды төмөнкү суроолорго жооп берип, сөздү тыбыштык жактан талдоого үйрөтүүсү керек (1-таблица).



[1] Х. Би. Развитие ребёнка. – СПб : Питер, 2004. – 389 б.

**1-таблица. Сөздүн тыбыштык талдоосу**

| Суроолор | Тыбыштык талдоонун ырааты |
|---|---|
| Сөздө канча муун бар? | Сөздү айтуу жана өзүн өзү угуу. |
| Басым кайсы муунга коюлат? | Үн менен басымдуу тыбышты бөлүү, анын сөздөгү ордун аныктоо. |
| Сөздө канча тыбыш бар? | Сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштардын санын аныктоо. |
| Сөз кайсы тыбыштан башталат? Сөздүн башында (аягында, ортосунда) кайсы үнсүз тыбыш турат? Сөздүн ортосунда (башында, аягында) кайсы үндүү тыбыш бар? | Тыбыштардын мүнөздөмөсүн аныктоо: үндүү; үнсүз (ичке-жоон, жумшак-каткалаң). |

Тыбыштык процесстерди өнүктүрүү боюнча атайын методиканы колдонуу окуучулардын сөздүн мүчөлөрүн айырмалоо, сүйлөмдө жандоочторду бөлүү жөндөмдөрүн өркүндөтүү, жалпысынан алганда окуу жана жазуу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн маанилүү.

Биринчи класста тыбыштык кабыл алууну калыптандыруу төмөнкү ырааттуулукту талап кылат.

Тыбыштык талдоону окутуунун **биринчи баскычында** үндүү [А], [У], [И] тыбыштары пайдаланылат. Окуучулар сөздүн башындагы биринчи үндүү тыбышты, үндүү тыбыштардын ырааттуулугун (мисалы, АУ – биринчи тыбыш [А]; экинчи тыбыш [У]) аныкташат.

**Экинчи баскычта** АП, УТ сыяктуу жабык муундун талдоосу жана бириктирүүсү ишке ашырылат. Окуучулар сөздүн аягындагы (мышы**к**, гү**л**) үнсүздү бөлүп көрсөтүүгө үйрөнүшөт. Андан соң сөздүн башында кездешүүчү үнсүздөрдү жана андан кийин турган басым менен айтылган (**кол, мал**) үндүүлөрдү бөлүп көрсөтүүнү үйрөнүшөт.

**Үчүнчү баскычта** окуучулар СА, МА, НА сыяктуу ачык муундардын талдоосун жана бириктирүүсүн өздөштүрүшөт. Алар сөздөрдү муунга бөлүүгө үйрөнүшөт жана схемаларды түзүшөт.

**Төртүнчү баскычта** окуучулар бир *(көз)* жана эки *(мышык)* муундан турган сөздөрдүн толук тыбыштык-муундук талдоосун өздөштүрүшөт жана тыбыштык схемаларды түзүшөт.

Материалдын мындан кийинки татаалдашуусунда үч муундан турган *(отургуч)* сөздөрдү талдоосу каралган. Окуучулар «муун», «үндүү, үнсүз, ичке, жоон, жумшак каткалаң тыбыштар» сыяктуу терминдерди үйрөнүшөт. Балдар ошол эле учурда тамгалар менен таанышышат, аларды муундарга бириктиришет. Окууда эң биринчи көнүгүүдөн баштап окуучулар муундап окууга умтулуулары керек, себеби муун окууга үйрөтүүдө көрүү аркылуу кабыл алынган бирдик болуп эсептелет. Окуучулар окуган сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү түшүнүүсүнө көз салуу зарыл.

## ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМДӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮ

Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү процессинде окуучулар төмөнкү көндүмдөрдү өздөштүрүшөт (2-таблица).

**2-таблица. Тыбыштык кабыл алууну өркүндөтүү боюнча окуучулардын иш-аракеттери**

| Тыбыштык кабыл алууну өркүндөтүү боюнча көнүгүүлөр | Окуучулардын иш-аракеттери | Мисал |
|---|---|---|
| Тыбыштарды бөлүп көрсөтүү | Сөздөгү белгилүү тыбыштарды табуу | Мугалим: «КООЗ» сөзүндө биринчи тыбышын атагыла<br>Окуучулар: [К] |
| Тыбыштарды аныктоо | Бир нече сөздөрдөгү бирдей тыбыштарды табуу | Мугалим: «КООЗ», «КАШЫК», «КАЙМАК», «КАНАТ» сөздөрүндөгү окшош тыбыштарды тапкыла.<br>Окуучулар: [К] |
| Тыбыштарды категорияларга бөлүү | Акустикалык өзгөчөлүгү боюнча айырмаланган сөздү табуу | Мугалим: Төмөнкү сөздөрдүн катарынан ашыкча сөздү тапкыла: «ОТУРГУЧ», «ОТУН», «ОЙМОК», «БАЛЫК».<br>Окуучулар: «Балык». Бул сөз [Б] тыбышынан, ал эми калгандары [О] тыбышынан башталат |
| Тыбыштарды бириктирүү | Мугалим ырааттуу айткан тыбыштарды угуу, алардан сөз куроо | Мугалим: Тыбыштарды уккула жана сөз курагыла [К-Ө- З]<br>Окуучулар: [К-Ө-З, КӨЗ] |
| Тыбыштарды бөлүү | Сөздөн ар бир тыбышты бөлүп көрсөтүү, ар бир тыбышты так айтуу | Мугалим: «БАЛА» сөзүндө канча тыбыш бар?<br>Окуучулар: «БАЛА» сөзүндө 4 тыбыш бар: [Б-А-Л-А] |
| Тыбыштарды алып салуу | Бир тыбыш алынып салынган учурда калган сөздү таануу | Мугалим: Эгер «ЖАЙ» сөзүнөн [Ж] тыбышын алып салса, эмне деген сөз пайда болот?<br>Окуучулар: «АЙ» сөзү пайда болот |
| Тыбыштарды кошуу | Тыбыштарды кошуу менен жаңы сөз түзүү | Мугалим: «УЛУТ» сөзүнө «[Б]?» тыбышын кошсок, кандай сөз пайда болот?<br>Окуучулар: «БУЛУТ» |
| Тыбышты алмаштыруу | Бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу жана жаңы сөз куроо | Мугалим: «КАШ» сөзүндөгү [А] тыбышын [У] тыбышына алмаштыргыла<br>Окуучулар: «КУШ» |

# 3. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУНУ КАНТИП ӨНҮКТҮРҮҮ КЕРЕК?

Тыбыштык кабыл алуунун мыкты өнүгүүсү үчүн окуучулар туура айтылган кепти угуп, мугалимдин үлгүлүү кеби менен өзүнүн кебин салыштырып жана өзүнүн айтуусун көзөмөлдөшү маанилүү. Ал үчүн бай кептик чөйрө керек[1]. Мугалим мындай чөйрөнү үн чыгарып окуу, ыр жана рифмаланган тексттерди окуу сыяктуу ыкмалардын жардамы менен түзө алат. Рифмаланган тексттерди окуу бир эле кептик тыбыштарды, тыбыштык айкалыштарды жана сөздөрдү угуу учурунда үндүн бийиктигин, күчүн жана интонацияны айырмалоого мүмкүнчүлүк берет. Рифмаланган тексттерде кездешкен тыбыштык курамы боюнча жакын сөздөрдү айырмалоо жөндөмү муундарды бөлүп кароого, алардын сөздөгү санын, басым кылынган муунду аныктоого жана үндүү, үнсүз тыбыштарга талдоо жүргүзүүгө жардам берет.

Мугалимдин үн чыгарып үлгүлүү окуп берүүсү окуучулардын тыбыштарды табуу, аныктоо жана тыбыштарды туура колдонуу көнүгүүлөрү менен бир катарда жүрүшү керек. Бул максатка жетишүү үчүн ар түрдүү стратегиялар пайдаланылат. Эң натыйжалуу болуп буюмдар тартылган карточкаларды пайдалануу эсептелет. Бул карточкалар окуучулардын буюмдардын аталышында кездешкен тыбыштарды айтуусуна, ал тыбыштарды туура колдонуусуна багытталган. Карточкалар менен көнүгүүлөр окутуу процессинин түрдүүлүгүн гана камсыз кылбастан, бул курактагы балдарга ылайыктуу оюн формасы аркылуу коюлган максаттарга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Тыбыштарды туура айтууну үйрөтүүгө телефон сыяктуу атайын дидактикалык каражатын колдонуу өбөлгө түзөт. Ал колдо бар материалдардан жасалат (окурмандын телефонун жасоо усулу 11-баракта берилген). Бул каражат окурмандын өзү айткан ар бир тыбышты так угууга жана өзүнүн тыбышты туура айтуусун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Төмөндө тыбыштык кабыл алууну өнүктүргөн окутуу формалары берилген.

## Окутуу формалары

| Окутуу формалары | Түшүндүрмөсү |
|---|---|
| Мугалимдин үн чыгарып окуусу | **Мугалимдин үн чыгарып окуусу** окуучулардын активдүү угуу, угуп кабыл алуу, окуганын түшүнүү жана көркөм окуу жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.<br>Үн чыгарып окуу окуучулар айтылган кептин тыбыштарын айырмалоого үйрөнүшү үчүн керектүү бай кеп чөйрөсүн түзүү менен тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. |

[1] Бай кеп чөйрөсү – бул адам табигый шарттарда уккан кептин үлгүлөрүн берген чөйрө: китептер, үй-бүлөө, радио, телевидение. Мектепте сабакта окуу максаттарында атайын тилдик чөйрө түзүлүшү мүмкүн жана ал канчалык табигый шарттарга жакыныраак болсо, ошончолук мугалим кептик чөйрөнүн өнүктүрүүчү дараметин ийгиликтүү пайдалана алат. Бай кептик чөйрө окуучулардын көңүлүн тилдин тыбыштык түзүлүшүнө табигый жол менен багыттоого мүмкүнчүлүк берет. Тыбыштар менен байланышкан оюн, ыр жана окуу аркылуу айтылган сөздөрдү жана тыбыштарды угуу менен окуучулар аларды туура айтууну өздөштүрүшөт.

Эгер окуунун башталгыч баскычтарында мугалим окуган тексттер рифмаларды, аллитерацияларды[1], уйкаштыктарды[2] ж. б. камтыса, үн чыгарып окуу окуучуларга тилдин тыбыштык түзүлүшүн сезүүгө мүмкүнчүлүк берген эң жеткиликтүү, практикалык жактан пайдалуу ыкма болуп эсептелет.

Тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү максатында үн чыгарып окуу үчүн төмөнкүдөй мүнөздөмөгө ээ тексттерди тандап алуу сунушталат:

- ✓ Негизги көңүл мазмунга эмес тыбыштарды бөлүп көрсөткөн, тыбыштарды алып салуу жана алмаштыруу, уйкаштык, аллитерация, рифманы ж. б. камтуу менен, сөз оюнуна багытталган тексттер. Мисалы:
  - – рифма – *кумурска, кумурска, кыйын экен жумушка;*
  - – уйкаш сөздөр: *мышык – кашык, табат – канат, жарашкан – карашкан;*
  - – аллитерация: *Кезек – кезек, Тезек терсек, Керек дешет, Кезек тезек!*
  - – тыбыштар менен ойноо (манипуляция): *май-жай, баш-каш, чокой-токой.*
- ✓ 1–4 класстардын окуучуларынын курагына ылайык келген тексттер.
- ✓ Окуучулар аягына чейин толуктап түзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгүн берген тексттер. Мисалы, *«Жаз жарыш, күз... (күрөш)»*. Мындай тексттин түзүлүшү жеткиликтүү, мазмуну абдан жөнөкөй, текст окуучулар тарабынан толукталышы мүмкүн.

Үн чыгарып окуу ар түрдүү варианттарда уюштурулушу мүмкүн:

- ✓ Мугалим текстти же китепти бир же бир нече жолу окуйт (үлгүлүү окуу).
- ✓ Көп жолу окугандан кийин мугалим сөздөрдүн «оюнуна» көңүл буруу менен, окуучуларды текстти же китепти талкуулоого тартышы мүмкүн (мисалы, *«Силерге бул китеп жактыбы?», «Силердин оюңарча, эмне үчүн ал мындай кылды?»*).
- ✓ Мугалим үн чыгарып окуу процессинде окуучуларды чыгарманын башкы каарманы эмне болору жөнүндө болжолдоого, жоромолдоого шыктандырат (тыным менен окуу).
- ✓ Окуу процессинде окуучулардын көңүлүн айрым тыбыштарга буруу менен, тилди тыбыштык жактан талдоо жөндөмүн бааласа дагы болот (аналитикалык окуу).
- ✓ Окуучулар мугалимдин окуганын үн чыгарып айтуу менен, тексттин/китептин башка версиясын түзүүгө катышышы мүмкүн.

---

[1] Аллитерация – бул ырдагы өзгөчө тыбыштык ачыктыкка алып келген окшош же бир түрдүү үнсүздөрдү кайталоо. Мисалы, *Аары, аары, арбагай. Аягы бар тарбагай* (А. Осмонов).

[2] Уйкаштык – бул айтылышы жана жазылышы жагынан окшош сөздөр, мисалы, *көздөр, сөздөр.*



Окууга үйрөтүүнүн башталгыч баскычында мугалим тыбыштык кабыл алуу үчүн атайын иштелип чыккан китептерди/текстгерди гана окубастан, окуу сабагына дагы башка адабий чыгармаларды киргизиши керек. Бирок тыбыштык кабыл алууга үйрөтүү максатында иштелип чыккан мындай тексттерди системалык түрдө пайдалануу мугалимге окутуунун ушул баскычын натыйжалуу өтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

«Сөздө кайсы тыбыш жоголду?», «Башаламан» көнүгүүлөрүн. «Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүнөн караңыз.

**Мугалим тарабынан рифмалаштырылган тексттерди окуу**

Рифмалаштырылган тексттер – бул айрым тыбыштар жана муундар кайра кайра кайталанган ырлар, табышмактар, күлкүлүү ырлар, жаңылмачтар ж. б. Тыбыштык кабыл алууга үйрөтүүдө ыр материалдарын пайдалануу мугалимдин ишин жеңилдетет. Бул окуучулар жакшы көргөн, кызыктуу текст материалы, ошондуктан, алар менен иштөө окуучулардын маанайын көтөрүп, материалды материалды өздөштүрүүгө алгылыктуу жардам берет.

Рифмалаштырылган тексттер тыбыштык угууну гана эмес туура артикуляцияны (тыбыштарды айтуу үчүн кеп органдарынын иши), ритмиканы, интонацияны, угуу эс тутумун өнүктүрөт. Мындай тексттер көпчүлүк учурда окуучулардын кызыгуусун арттырат жана чарчоосун алдын алат.

Адегенде ырды же жанылмачты мугалим окуйт, ал кантип окуу керектигин үлгүлүү окуу аркылуу көрсөтөт, андан соң окуучулар окушат. Мындай тексттерди жаттоо сунушталат. Жаңылмачтарды окуучулардын топтору ортосундагы мелдешүүлөр үчүн пайдаланса болот: ким жаңылмачты тезирээк айтат. Кээ бир рифмаланган

тексттерди «жаңырык» формасында окуса болот: бир топ акырын, башка топ катуу окуйт.

Рифмаланган тексттер окуу «1, 2 керектүү сөздү тап» жана «Будан-Гудан» көнүгүүлөрүндө колдонулат. «Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүн кара.

## Карточкалар менен иштөө

Биринчи баскычта дидактикалык материал катары буюмдар тартылган жөнөкөй карточкалар колдонулат. Окуучулар тыбыштар менен иштегенден кийин, алар алфавитти үйрөнүүгө өтүшөт, сөздөр жазылган карточкаларды пайдаланса болот.

Дидактикалык карточкалар пайдалануу үчүн абдан ыңгайлуу жана сабактын бардык учурунда кереги тийиши мүмкүн. Карточкаларды пайдалануу – жаңы сөздөрдү практикалоонун жана киргизүүнүн, сөз байлыгын бекемдөөнүн мыкты ыкмасы, ал эми окуучулар көнүгүүнү өздөштүргөн учурда, карточкаларды тапшырманы биринчи аткарган окуучулардын арасында кичи топтордо иштей алышы үчүн бөлүштүрсө болот. Кээде сабак учурунда окуучулар дидактикалык мини-карточкаларды өз алдынча жасап, үйдө ата-энелери, байке-эжелери менен ойноо үчүн колдонсо болот.



Кимдир бирөө маалыматты көрүү менен, кимдир бирөө угуу менен жакшы кабыл алат, кинестетикалык кабыл алуусу жакшы өнүккөн окуучулар да бар. Ушул маалыматты эске алуу менен, мугалимге окуучулар менен иштөө усулдарын ар түрдүү кылуусу сунушталат. Карточкалар көрүү аркылуу кабыл алуусу

үстөмдүк кылган окуучулар менен иштөөдө маанилүү ресурс болуп эсептелет. Ишке ачык түстөгү жана жагымдуу дидактикалык карточкаларды киргизүү көрүү аркылуу кабыл алуусу үстөмдүк кылган окуучуларды окутууда пайдалуу.
«Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүндө «Мыкты сүрөтчү», «Дүкөн» жана «Тыбышты тууроо» көнүгүүлөрү каралган.

## Окурмандын телефону



«Окурмандын телефону» окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн өнүктүрүү үчүн ыңгайлуу каражат болуп эсептелет, анткени:

- окуучуларга өздөрү айткан тыбыштарды угууга мүмкүнчүлүк берет;
- окуучулар шыбырап окуганга үйрөнүшөт, себеби бул каражат кулагына абдан жакын болгондуктан, алар дароо тыбыштарды акырын айтууга өтүшөт;
- башка окуучуларга жолтоо болбостон, айтылган тыбыштарды туура айтууну өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк берет;
- окурмандын телефонун пайдалануу класста бардык окуучуларга өз алдынча окуу үчүн ыңгайлуу чөйрөнү түзүүгө жол ачат.

Окурмандын телефонун кымбат эмес желим сантехникалык түтүкчөлөрдөн же калың кагаздан өз алдынча жасаса болот.

Окурмандын телефонунун жардамы менен класста «Керектүү сөздү тап», «Башаламан», «Башкы тыбыш» жана башка көнүгүүлөр аткарылат («Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча болжолдуу көнүгүүлөр» бөлүмүн кара).



# 4. БИЛИМ АЛУУ МУКТАЖДЫКТАРЫ АР ТҮРДҮҮ БОЛГОН ОКУУЧУЛАРДЫН ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУСУН ӨНҮКТҮРҮҮ

Тыбыштык кабыл алуу боюнча көнүгүүлөрдү пландаштырууда жана өткөрүүдө окуучулардын окуусуна жана өнүгүүсүнө таасир эткен маданияттык, коомдук, тилдик, экономикалык факторлорду, ошондой эле мектепке даярдык деңгээлин, окуу тажрыйбасын эске алуу маанилүү: окуучунун балалык кезинен баштап окурмандык чөйрөдө өнүгүү мүмкүнчүлүгү болгонбу, окуучу мектепке чейинки даярдоо программасын өткөнбү анын окууга чейинки көндүмдөрү кантип жана кайда калыптанган?



Башталгыч мектептин окуучуларынын билим алуу муктаждыктары, кызыгуулары, тажрыйбалары, интеллектуалдык жөндөмдөрү ар түрдүү деңгээлде болгонун жана кабыл алуу типтери бирдей эмес экендигин эске алуу зарыл. Окутуу үчүн алардын муктаждыктарын канааттандырган ылайыкташтырылган программалар талап кылынат[1].

Мектепке келген окуучулардын тыбыштык кабыл алуу деңгээли ар түрдүү болушу мүмкүн. Мугалим окуучу айрым тыбыштарды туура эмес бурмалап же таптакыр айта албаганын аныктоосу мүмкүн. Ошондуктан кээ бир окуучуларга башкалар менен салыштырмалуу тыбыштык кабыл алууну өнүктүрүү үчүн көбүрөөк сабактар талап кылынат. Ошондуктан окуу көндүмдөрүн калыптандырууга чейин диагностикалык (алдын ала) баалоо өткөрүү зарыл. Баалоо окуучулардын кошумча окутууга муктаждыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет: эгер муктаж болсо, анда кайсы окуучуларды тыбыштарды туура колдонуу боюнча эң жөнөкөй ыкмалар (мисалы, сөздөрдөгү биринчи тыбыштарды аныктоо), ал эми кимдерди – татаалыраак ыкмалар менен (мисалы, *бөлүү, аралаштыруу, алып салуу/кошуу жана алмаштыруу*) окутуу керек.

---

[1] Literacy teaching guide: Phonemic awareness, 11-бет.

Көпчүлүк учурда кичи топтордо окутуу окуучуларга тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берген натыйжалуу ыкма болуп эсептелет. Ошондой эле кичи топтордогу окутуу чоң топтордогу окутууга же класстын бардыгына салыштырмалуу натыйжалуураак болот, анткени окуучулар мугалимден кайтарым байланышты жана класcташтарынын жоопторун угуу менен пайда алышы мүмкүн[1].

Тыбыштык кабыл алуусу азыраак өнүккөн окуучуларда тыбышты айтуу гана эмес, кепти түшүнүү дагы чектелет, анткени алар айтылышы боюнча жакын тыбыштарды айырмалай алышпайт, ал тыбыштар менен берилген сөздөр алар үчүн бирдей угулат, мисалы, *күл – гүл, сиз – сыз, дарак – тарак.*

Калыптанбаган тыбыштык кабыл алуу тыбышты айтуунун калыптануусуна жолтоо болуп, терс таасирин тийгизет, толук кандуу окуу жана жазуу үчүн маанилүү тыбыштык талдоо көндүмүн калыптандырууну татаалдантат.

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуусун баалоо учурунда дислексия[2] аныкталышы мүмкүн. Дислексиясы бар окуучулар окуганда көп каталарды кетиришет: кээ бир тыбыштарды айтышпайт, керексиз тыбыштарды кошушат, сөздөрдүн айтылышын бурмалашат; алардын окуу ылдамдыгы жай, тамгалардын ордун алмаштырышат, кээде сөздөрдүн баштапкы муундарын окушпайт. Көп учурда мындай окуучулардын айрым тыбыштарды угуу аркылуу так кабыл алуусу, аларды окуу жана жазууда колдонуусу чектелген. Окшош тыбыштарды «Б–П», «Д–Т», «К–Г», «С–З», «Ж–Ш» айырмалоо мүмкүнчүлүгү жетишсиз. Окуучулар тамгаларды алмаштыруу жана калтыруу, сөздөрдү чогуу жазуу, айрыкча муунду жазуу же аларды калтыруу, сөздүн мүчөсүн жазбай коюу, сөздөрдү туура эмес айкалыштыруу сыяктуу каталарды кетиришет.

Эгер окуучуда тыбыштык угуу өнүкпөсө, анда окууга жана жазууга үйрөнүшү өтө кыйын болот. Чындыгында, айтылган кепти так укпаса, бала кантип окуй алат? Ал жаза дагы албайт, себеби тигил же бул тамга кайсы тыбышты билдирээрин билбейт. Окуучу белгилүү тыбышты туура кабыл алып, кептин тез агымында аны белги (тамга) катары көрсөтө алышы керек. Ошондуктан тыбыштык угуусу бузулган окуучуларды сабаттуулукка окутуу – татаал педагогикалык маселе.

Мындай окуучуларга тыбышты угууга жана кийинчерээк тамганы көрүүгө кошумча машыгуу керек.

### Дислексиясы бар окуучуларды окутуу боюнча мугалимдерге кээ бир сунуштар:

– Эң башынан баштап окуучулардын шар окуусуна басым жасабастан, түшүнүп окууга үйрөтүү абдан маанилүү. Ар бир сөз окуучуларга түшүнүктүү болушу керек.

– Дайыма окуганды түшүнүүгө жардам берген сүрөттөрү (иллюстрациялар) бар китептерди пайдалануу зарыл. Китептеги сүрөттөр аны визуалдык кабыл алуусуна жардам берет.

– Ар бир окуучунун кызыгуусуна ылайык келген китептерди же тексттерди тандоо кажет.

– Чоң шрифт менен басылган тексттерди тандот зарыл.

– Үлгү жана биргелешкен окуу форматын көп пайдалануу кажет.

---

[1] National Institute for Literacy, the Partnership for Reading. Put Reading first. The Research Building Blocks for Teaching Children to Read.

[2] Дислексия – нейрологиялык өзгөчөлүк. Сөздөрдү так же шар таануудагы кыйынчылыктар жана окуу, жазуудагы жетишсиз жөндөмдөр менен мүнөздөлөт. Дислексия оору болуп саналбайт, анын негизинде мээнин оң жана сол кабыкчаларынын ортосундагы байланыштардын бузулушу жатат.

– Башкарып жана биргелешип окуу үчүн төмөнкү жана жогорку саптар жабык болушу үчүн узун, ортосу узунунан кесилген жазы тасманы пайдалануу. Мына ошондо тамгалар секирбейт. Бул ыкманы саптарды манжа менен коштоп окуу сыяктуу эле учуру келгенде алып салуу керек.
– Дислексиясы бар окуучулар көпчүлүк учурда окууда, жазууда жана орфографиядан кыйналышат, бирок аларда мейкиндиктик, абстракттуу ой жүгүртүү жана элестетүү өнүккөндүктөн органдардын бардык сезимдерине таасир эткен методиканы пайдалануу менен окуучуларга окуу процессинде берилген материалды берүү сунушталат.
– Эгер мугалим так жана жай сүйлөсө, негизги маселелерди кайталаса, өнүгүү өзгөчөлүктөрү бар окуучулар үчүн укканын өздөштүрүүгө жакшы мүмкүнчүлүк түзүлөт.
– Окуганды түшүнүүгө көбүрөөк көңүл буруу, оозеки жоопторго артыкчылык берүү, жазуу иштеринин санын чектөө зарыл.
– Максаттар бардык учурда амбициялуу болгудай методиканы тандоо, антпесе окуучулар эч нерсеге умтулушпайт.
– Дайыма мактоо менен окуучуларды коюлган милдеттерге жетишүүгө демилгелөө сунушталат.
– Окуучулар окуган учурда кандай кыйынчылыктарга кездешкенин системалык түрдө байкоо жүргүзүүгө жана ушул кыйынчылыктарды чечүүгө аракеттерди жумшоо. Бул учурда жалпы стандарттар иштебегендиктен, баа койбоо сунушталат.

# 5. ОКУУЧУЛАРДЫН ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМҮН БААЛОО

Окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмүн баалоо окутуунун биринчи жылында көбүрөөк өткөрүлөт. Көпчүлүк учурда окуучулардын басымдуу бөлүгү бул көндүмдөргө биринчи класста ээ болушат; ушундан улам экинчи класста мугалим тыбыштарды кыйынчылык менен үйрөнгөн окуучуларды гана текшерсе болот.

Окууга үйрөтүүнү улантуу үчүн төмөнкү көндүмдөрдүн өнүгүүсүн убагында баалоо маанилүү:

– Тыбышты **аныктоо** – ар түрдүү сөздөрдө окшош тыбыштарды табуу жөндөмү.
– Тыбыштарды **бириктирүү** – тыбыштардан муун, муундардан сөз куроо.
– Тыбыштарды **бөлүү** – сөздү муундарга, муундарды тыбыштарга бөлүү.
– Тыбыштарды туура колдонуу – бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу, сөздөргө тыбыштарды кошуу же алуу.

Тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн баалоо жекеме-жеке өткөрүлөт, баалоо ыкмалары жеңил жана көп убакыт талап кылбайт. Бул окуучулардын ар бирин жекече баалоого мүмкүнчүлүк берет. Андан сырткары, **окутуу процесси ошол эле мезгилде баалоону билдирет**, себеби бул колдонмодо берилген көнүгүүлөрдү аткарууда окуучу сөздүн тыбыштык курамын талдоо жөндөмүнүн деңгээлин көрсөтөт.

Төмөндө көнүгүүлөрдүн кошумча мисалдары келтирилген. Аларды тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн баалоо үчүн окуучулар менен аткарса болот.

## Баалоо 1. Сөздүн баштапкы тыбыштарын аныктоо

**Деңгээл:** 1-класс, 1-жарым жылдык

### Баяндоо

Бул кыска тестте жети катарга тизилген сүрөттөр колдонулат. Окуучуларга биринчи сүрөттөгү буюмдун башкы тыбышынан башталган башка сүрөттөрдөгү буюмдарды табуу тапшырмасы берилет. Тест бардык класс үчүн же окуучулардын тобу үчүн жазуу түрүндө жүргүзүлөт.

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим окуучуларга тесттин көчүрмөсүн таратат жана максаттын жана иштөө ыкмасын түшүндүрөт:

«Бул чакан тест бирдей тыбышы бар сөздөрдү табуу жөндөмүн текшерет. Сүрөттөрдүн эң жогорку катарын карагыла. Биринчи сүрөттө шакек тартылган. «Шакек» сөзү [ш] тыбышынан башталат. Ушул катарда дагы кайсы сөз ушул эле тыбыштан башталаарын табышыңар керек. Кийинки сүрөттөрдө торт, боёктор жана шарик тартылган. «Шарик» сөзү [ш] тыбышынан башталат. Шарик тартылган сүрөттү тегерете чийип, белгилегиле.  Бул туура жооп. Ар бир катарда ушундай эле жумушту аткаруу керек: өзүңөр ичиңерден биринчи сөздү айткыла, ал кайсы тыбыштан башталаарын аныктагыла жана башка үч сүрөттөн ушул эле тыбыштан башталган сөздү тапкыла».

### Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 7 жооптун 6 туура болсо, окуучу жетиштүү деңгээлде башталгыч тыбышты аныктоо көндүмүнө ээ экендигин билдирет. Туура жооптору 5 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

## Баалоо 2. Тыбыштарды бириктирүү

### Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим айткан тыбыштардан жана муундардан бир сөз куроо сунушталат.

**Деңгээл:** 1-класс, 1-жарым жылдык

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, тесттин максатын жана иштөө ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сөздүн бөлүгүн өз-өзүнчө айтам, ал эми сен ушул бөлүктөрдү бириктирип, сөздү толуктап айтууга аракет кылышың керек. Мисалы, мен [к] тыбышын, андан соң [аш] муунун айтам. Эгер ушул бөлүктөрдү бириктирсе, «каш» деген сөз пайда болот. Эгер [б] тыбышына [аш] тыбыштарын кошсо, эмне деген сөз пайда болот?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага тыбыштарды өз алдынча бириктирүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда: «баш» деген сөз пайда болот деп айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, *туура жооптор чымчыкча менен, ал эми туура эмес жооптор минус белгиси менен белгиленет* ж. б.).

### Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо,  тыбыштарды бириктирүү көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

**Көндүм**: Тыбыштарды бириктирүү **Баалоо күнү**:______________ **Упай**: ____/10

| | Окуучунун аты-жөнү | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | **[т]** тыбышына [ай] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | **[к]** тыбышына [аз] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | **[т]** тыбышына [үз] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. | **[жө]** муунуна [н] тыбышын бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | **[б]** тыбышына [ол] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | **[ж]** тыбышына [ол] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | **[ка]** муунуна [т] тыбышын бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | **[ч]** тыбышына [оң] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | **[с]** тыбышына [ол] муунун бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | **[ко]** муунуна [ш] тыбышын бириктир | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | | |

## Баалоо 3. Сөздү тыбыштарга бөлүү

### Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим айткан сөздөрдү өз өзүнчө тыбыштарга бөлүү сунушталынат.

**Деңгээл:** 1-класс, 2-жарым жылдык

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, иштин максатын, ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сөздөрдү айтам, ал эми сен ар бир сөздү тыбыштарга бөлүүгө жана мага ушул тыбыштарды ирети боюнча айтууга аракет кыл. Мисалы мен «кар» деген сөздү айтам. Эгер ушул сөздү тыбыштарга бөлсө, үч тыбыш пайда болот: [к], [а], [р]. Ал эми «роза» сөзү кандай тыбыштарга бөлүнөт?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага сөздү тыбыштарга өз алдынча бөлүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда бул сөз [р], [о], [з], [а] тыбыштарына бөлүнөөрүн айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, туура жооптор чымчыкча менен белгиленет, ал эми туура эмес жооптор – минус менен ж. б.).

### Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо, окуучунун тыбыштарга бөлүү көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, ушул көндүмдүн үстүнөн кошумча иш алып баруу керек.

*Эскертүү*. Бул баалоо ыкмасы менен сөздүн фонетикалык талдоо жөндөмү текшерилбейт. Окуучулардан сөздү жөн гана тыбыштарга ажыратуу талап кылынат.

**Көндүм**: Тыбыштарды бөлүү **Баалоо күнү**:__________________

| | Окуучунун аты-жөнү | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | «Кап» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | «Мык» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | «Чаң» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. | «Таш» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | «Сөз» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | «Саат» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | «Чыны» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | «Курч» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | «Чүкө» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | «Алга» деген сөздү тыбыштарга бөл | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | |

## Баалоо 4: Тыбыштарды туура колдонуу

### Баяндоо

Бул тест ар бир окуучу менен жекече оозеки формада өткөрүлөт. Окуучуларга мугалим берилген сөздөн бир тыбышты башка тыбыш менен алмаштырса, кайсы сөз пайда болоорун аныктоо сунушталат. Бул көндүм окуучудан эки тапшырманы аткарууну талап кылат: бир тыбышты бөлүп көрсөтүү (1) жана пайда болгон сөздү таануу (2). Мына ошентип, тест окуучулардын оперативдик эс тутумундагы өнүктүрөт, анткени тапшырманы аткарууда бөлүп көрсөткөн тыбышты, алгачкы сөздү жана пайда болгон сөздү эстеп калышы керек. Бул тесттин тапшырмаларынын ийгиликтүү аткарылышы окуучулардын тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүнүн жакшы өнүккөндүгүн билдирет.

**Деңгээл:** 1-класс, 1-жарым жылдык

### Баалоону кантип өткөрүү керек?

Мугалим балдардын маңдайына отуруп, иштин максатын, ыкмасын түшүндүрөт:

«Мен сага сөздөрдү атап, андагы кайсы тыбышты башка тыбыш менен алмаштыруу керектигин айтам, ал эми сен ушундан кийин кайсы сөз пайда болгондугун айтышың керек. Мисалы, эгер «кар» деген сөздө [к] тыбышын [ч] тыбышына алмаштырса «чар» деген сөз пайда болот. Ал эми «ата» деген сөздө [т] тыбышын [п] тыбышына алмаштырса, кандай сөз пайда болот?». (Окуучуга тапшырма түшүнүктүү болгондугун аныктоо үчүн ага сөздү тыбыштарга өз алдынча бөлүүгө мүмкүнчүлүк бергиле). Эгер окуучу туура жооп берсе, тестке өткүлө. Эгер ал туура эмес жооп берсе, анда «апа» деген сөз пайда болгондугун айткыла.

Сунушталган таблицаны пайдалануу менен мугалим окуучулардын жоопторун белгилей алат. Мугалим өзү туура жана туура эмес жоопторду билдирген белгилерди тандай алат (мисалы, туура жооптор чымчыкча менен белгиленет, ал эми туура эмес жооптор – минус менен ж. б.).

### Жыйынтыктарды баалоо

Окуучу берген 10 жооптун 8 туура болсо, окуучунун тыбыштарды алмаштыруу көндүмү жетиштүү деңгээлде экендигин билдирет. Туура жооптору 7 же андан аз болсо, бул көндүмдүн үстүндө кошумча иш алып баруу керек.

**Көндүм**: Тыбыштарды туура колдонуу **Баалоо күнү**:_________

| | Окуучунун аты-жөнү | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Эгер «бай» деген сөздө [б] тыбышын [м] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | Эгер «тор» деген сөздө [т] тыбышын [б] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | Эгер «бака» деген сөздө [б] тыбышын [ч] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | Эгер «жан» деген сөздө [н] тыбышын [з] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | Эгер «чокой» деген сөздө [ч] тыбышын [т] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | Эгер «чөл» деген сөздө [л] тыбышын [п] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | Эгер «чаң» деген сөздө [а] тыбышын [о] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | Эгер «зат» деген сөздө [з] тыбышын [к] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | Эгер «сал» деген сөздө [а] тыбышын [о] тыбышына алмаштырса, кайсы сөз пайда болот? | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | | |

**Көндүм**: ______________________________ **Баалоо күнү**:__________________

| | Окуучунун аты-жөнү | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 2. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 3. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 4. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 5. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 6. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 7. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 8. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 9. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| 10. | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | Упайлар: | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

## 6. ТЫБЫШТЫК КАБЫЛ АЛУУ КӨНДҮМҮН ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА БОЛЖОЛДУУ КӨНҮГҮҮЛӨР[1]

| Аталышы | СЫЙКЫРДУУ ТЫБЫШ |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• үндүү тыбыштарды айтышат;<br>• үндүү тыбыштарды айырмалашат. |
| Модуль | Тыбыштык кабыл алуу |
| Классы | 1 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү ресурстар | Сабакка чейин керектүү ресурстарды жасап даярдоо керек: белгилүү тыбыш – объекттин аракети (мисал төмөндөгү нускамада көрсөтүлгөн). |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Мугалим адегенде тыбышты көрсөтүп, андан соң окуучуларга бир эле тыбыштын өзгөрүшүн жана эмоциялык сүрөттөлүшүнүн айтып берүүлөрүн суранат.<br>**2-кадам.** Мугалим бир (эки) окуучуну чакырат жана [А] тыбышынын өзгөрүшүн төмөнкүдөй шарттарга ылайык айтуусун сунуштайт.<br>[А] – кыз ыйлап жатат<br>[А] – дарыгерге тамагын көрсөтүп жатат<br>[А] – ырчы ырдап жатат<br>[А] – бөбөктү терметип жатат<br>[А] – кыз колун ийне менен сайып алды.<br>Кийинки окуучу (жуп) чакырылат, алар [О] тыбышы менен тапшырма алышат:<br>[О] – апам кубанды<br>[О] – чоң апа оорусунан онтоду<br>[О] – ырчы ырдады<br>[О] – атам эстеди<br>[О] – токойдо аңчы кыйкырат.<br>Кийинки окуучу чакырылат, ал [У] тыбышы менен тапшырма алат:<br>[У] – кеме гүрүлдөдү<br>[У] – чоор үн чыгарат<br>[У] – бала ыйлап жатат<br>[У] – карышкыр улуйт<br>[У] – түтүктө шамал үн чыгарат. |


[1] Бул көнүгүүлөр Интернеттеги ачык ресурстардын материалдарына негизделген.


## Үлгү




| Аталышы | ТЫБЫШТЫ ТУУРОО |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• сунушталган үнсүз жана үндүү тыбыштарды туура айтышат;<br>• буюмдардын аракеттерин көрсөтүшөт;<br>• суроолорго жооп беришет. |
| Модуль | Тыбыштык кабыл алуу |
| Класс | 1 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү ресурстар | Дабыш чыгарган буюмдардын, жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган карточкалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| Аткаруу тартиби | **1-вариант**<br>Мугалим окуучуларга суроо берет, мисалы:<br>– Аары кантип ызылдайт? [З-з-з!]<br>– Жылаан кантип кышылдайт? [Ш-ш-ш!]<br>– Поезд кантип гүрүлдөйт? [У-у-у!] и ж. б.<br>Бул көнүгүүлөрдү аткарууда окуучулар жогорудагы образдарды кыймыл менен коштоп көрсөтүшсө болот. «Аары учат»: колдору менен учуп бараткан аарынын кыймылын көрсөтүү.<br>**2-вариант**<br>Мугалим тыбыш менен көрсөтө ала турган бир нерсенин (*машина, аары, арстан* ж. б.) сүрөтүн көрсөтөт – арстан ырылдайт [р-р-р-р], уй мөөрөйт [м-ө-ө-ө]. Окуучулар аларды туурашат.<br>Окуучулар сүрөттө көрсөтүлгөн жаныбарлар же буюмдар чыгарган үндөрдү айтышат. |

## Үлгү









| Аталышы | ДҮКӨН |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдөн тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр; үнсүздөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар, жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Буюмдар, жаныбарлардын сүрөттөрү тартылган карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | Даярдык баскычы: Мугалим буюмдар, жаныбарлар тартылган карточкаларды даярдайт. Мисалы, *сабиз, мышык, кийим, чайнек, топ* ж. б.<br><br>**1-кадам.** Мугалим оюндун шартын түшүндүрөт: Мен – сатуучумун, ал эми силер – сатып алуучуларсыңар, дүкөнгө «келип», өзүңөргө бир буюмду тандайсыңар. Сатып алган буюм үчүн сөздүн биринчи тыбышы менен төлөш керек. Мисалы, эгер окуучу кашык сатып алгысы келсе, анда ал [К] деп айтышы керек.<br><br>**2-кадам.** Сатып алуучу-окуучу өзүнө буюм тандап алат жана тыбышты айтат.<br><br>**Көңүл бургула!** Көнүгүү башка окуучулар менен бир нече жолу өткөрүлөт.<br>Кийинчерээк бул көнүгүүнүн шартын өзгөртүүгө болот:<br>– сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөз кайсы тыбыштардан турса, бардык тыбыштарды айтышы керек.<br>– сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөздөгү үнсүз тыбыштардын жумшак же каткалаң жубун айтышы керек.<br>– сатып алуучу өзүнө буюм тандап алат, сатып алганы үчүн ал сөздөгү үндүү тыбышты бөлүп көрсөтүшү керек. |

## Үлгү




| Аталышы | ДҮКӨН-2 |
| --- | --- |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Буюмдар (табак, кашык), жемиштер (алма, апельсин, алмурут, кара өрүк, лимон, жүзүм) тартылган  карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | Мугалим тактага предметтик сүрөттөрдү илет: алмалар, апельсиндер, алмуруттар, кара өрүк, лимондор, жүзүм.<br>**1-кадам.** Тапшырма: Актан жемиш сатып алыш үчүн дүкөнгө барды, дүкөнгө кирди, бирок жемиштердин аталышын унутуп калды. Окуучулар Актанга аталышында [л] тыбышы бар жемиштерди сатып алууга жардам бериши керек.<br>**2-кадам.** Мугалим чакырган окуучу, аталышында [л] тыбышы бар сүрөттөрдү тандайт.<br>Оюнду тамганы же буюмдун сүрөтүн алмаштыруу менен, бир нече жолу кайталаса болот, мисалы (г) тыбышына. |

**Үлгү**





| Аталышы | БАШКЫ ТЫБЫШ |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• тыбыштарды туура айтышат. |
| Модуль | Тыбыштык кабыл алуу |
| Классы | 1 |
| Окуу баскычы | Окуганга чейин |
| Керектүү ресурстар | Рифмаланган тексттер |
| Окутууну уюштуруу формасы | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга негизги тыбышты бөлүп көрсөтүү менен ыр окуп берет. Тамгалар боюнча ырлардын текстин пайдаланса жакшы болот.<br>**2-кадам.** Окуучулар ырды угуу менен, «Башкы тыбышты» аташы керек.<br>Мугалим ар түрдүү ырларды пайдаланса болот, мисалы Батма Абдухамидованын «Алиппе майрамы» жана Токтосун Самудиновдун «Эмнеге окшойт тамгалар?» ырларын. |

**Үлгү**

| А | Б | Г |
|---|---|---|
| Айткан күндө акылын,<br>Акыл сөздүн асылын.<br>Ата-энем, Алиппем<br>Ардактаарым, жакыным. | Берет нандын жарымын,<br>Бербейт жандын жарымын.<br>Бербесең да төгүп тур,<br>Бешенеңдин жарыгын. | Гүл экенин көңүлдүн,<br>Гүл экенин өмүрдүн.<br>Гүлай эжем айтканда,<br>Гүлгө күндөй төгүлдүм. |
| **Д**<br>Дос таанышты сатпаса,<br>Дайыны жок какпаса.<br>Дени таза сак болор,<br>Дилин таза сактаса. | **Ж**<br>Жакшынын бир белгиси,<br>Жаман болбойт таптаса.<br>Жамандын бир белгиси,<br>Жакшы болбойт мактаса.<br>Жакшы менен жаманды,<br>Жаңылбастан бөлө бил.<br>Жаманды да тепсебей,<br>Жакшы жагын көрө бил. | **З**<br>Зээндүү болуп досторум,<br>Зыян кылба эч кимге.<br>Зарыктырбай жардам бер<br>Залкар ата-энеге. |
| **И**<br>Ишенимден кетпейли,<br>Изги таза наристе!<br>Илбериңки кыймылдап,<br>Ийкемдүү бол ар ишке. | **К**<br>Кайрымдуу бол, калыс бол.<br>Карөзгөйдөн алыс бол.<br>Касташканды коёлу,<br>Кан дос болсоң – келе кол. | **Л**<br>Лап этип осол сөз айтып,<br>Лапылдап уйча аш жебе.<br>Лепилдеп үйгө жардам бер,<br>Лөкүйүп алып: «бак» дебе. |

| М | Ч | Ш |
|---|---|---|
| Мээрман адам – мээнеткеч<br>Мүнөзүнөн билинет.<br>Мустарап кылбайт эч кимди<br>Маанайы ачык күлүңдөп. | Чындык сөздү ар качан<br>Чычалабай угуп тур.<br>Чабал болбой жашыңдан<br>Чымырканып эмгек кыл.<br>Чегирткени өлтүрбө,<br>Чымынды да аягын.<br>Чырпык талды сындырба,<br>Чиркейдин бил абалын. | Шылдың болбо ишенип,<br>Шыбыр-күбүр сөздөргө.<br>Шашма болбой, шум жүрбөй,<br>Шыктуу бол түрдүү өнөргө. |
| **Ы** | **У** | **Э** |
| Ыза кылба кичүүнү,<br>Ыракмат айткын улууга.<br>Ыркырашпай үндөгүн<br>Ынтымактуу болууга. | Улуу-кичүү бирөөнүн<br>Уурдабайм буюмун.<br>Урушпаймын жөнү жок,<br>Уят – менин ыйыгым.<br>Убадага бек турам,<br>Убагында иш кылам. | Эрктүү болуп билимге,<br>Эне-атаңды кубанткын.<br>Эбиң менен эркелеп,<br>Эстүү болуп эртелеп,<br>Эмгек жолун уланткын! |

| Аталышы | Түлкү менен тыйын чычкан |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• тыбыштарды туура айтышат. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейинки баскыч |
| **Керектүү ресурстар** | Сүрөттүү менен карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | Оюн үчүн класста канча окуучу болсо, ошончо сүрөттүү карточка керек. Бир карточкада түлкү тартылса, ага рифмалашкан жуп табуу керек. Калган карточкалардагы ушул иретте жуп түзүшү керек. Оюн класстык бөлмөдө, спорт залында, мектептин холлунда же короодо өткөрүлүшү мүмкүн.<br><br>**1-кадам.** Мугалим алдын ала карточкаларды даярдайт. Биринчи пачкага жайгаштырылган ар бир сөз экинчи пачкадагы бир эле сөз менен уйкашышы керек *(тамак – табак, бака – чака, чагылган – сагызган…).*<br><br>**2-кадам.** Мугалим окуучуларга «тыйын чычкан» оюнун ойной тургандыгын айтат. Окуучулардын бирөөсүнө түлкүнүн ролу туура келет. Түлкү тыйын чычкандарды кармашы керек.<br><br>**3-кадам.** Мугалим калган окуучуларды эки топко бөлөт. Бир топтун окуучулары дарактар болушат, ал эми экинчи топ – тыйын чычкандар.  Мугалим тыйын чычкандарга биринчи пачкадан бирден карточка, ал эми дарактарга – экинчи пачкадан берет.<br><br>Дарактарга бөлмөнүн /аянтчанын ар кайсы жерине турушат. Алар кыймылдашпайт жана карточкаларын бардыгы көрүп тургандай кармап турушат.<br><br>**Эскертүү:** Дарактар өзүнүн сөздөрүн тыйын чычкандар уга тургандай катуу айтышат.<br><br>**4-кадам.** Тыйын чычкандар өзүнүн жубун табышы керек, б. а. ар бир тыйын чычкан өзүнүн сөзү менен уйкашкан даракты издейт. Оюнду баштаганга чейин мугалим: «Мына түлкү келе жатат. Дарактарга качкыла!» – деп айтат. Тыйын чычкандар өздөрүнүн дарактарын издешет. Түлкү дарагын таппаган тыйын чычканды же туура эмес даракка барган тыйын чычканды кармаганга аракет кылат. Түлкү кимди кармаса, ал кийинки оюнда түлкү болот. Дарактар тыйын чычкандар менен менен орун алмашышат, ошентип оюн кайрадан башталат.<br><br>**5-кадам.** Түзүлгөн жуптар өзүнүн сөздөрүнүн жуптарын үн чыгарышып айтышат, мисалы, *Уй, Чуй* ж. б. Бардык окуучулар сөздөрдүн / сүрөттөрдүн жубу туура түзүлгөнүн текшишет. Жуп туура эмес түзүлгөн учурда окуучулар туура жупту табууга жардам беришет. |

**Вариациялар:** Окуучулар кандайдыр бир башка принцип боюнча жуптарга бөлүнүшү мүмкүн:

а) сөздөрдөгү муундардын саны *(акыл – топоз, кирпи – жылаан, үй – ит…)*;

б) биринчи тыбышы боюнча *(отургуч – отунчу, мурун – мурут)* ж. б.



| Аталышы | **«БУДАН-ГУДАН»** |
| --- | --- |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга учурунда |
| **Керектүү ресурстар** | – |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга төмөндө келтирилген үлгү боюнча ыр ырдайт. Сөздөрдү рифмалоо үчүн окуучулардын аттарын пайдаланат. Биринчи саптын акыркы сөзү – бул биринчи тыбышы өзгөртүлгөн окуучунун аты.<br>Мисалы: Будан-Гудан Зуля<br>Күчүктөн качты Гуля.<br>Будан-Гудан Камыт<br>Досуна бара жатат Бакыт.<br>Будан-Гудан Апал,<br>Апага ырдайт Үпөл.<br>Будан-Гудан Гүлзат<br>Урматка күлөт Айзат.<br>**Эскертүү:** окуучулар ушул техниканы өздөштүргөндөн кийин өзүлөрү дагы башка сөздөр жана аттарды пайдалануу менен ушундай уйкаштырууну ойлоп табышса болот. |

| Аталышы | **ЖҮЗ СУРОО – ЖҮЗ ЖООП** |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Топ |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим: «Т» тыбышы кездешкен сөздөр менен ойнойбуз. Окуучулар суроолорго белгиленген тыбышка башталган сөздөрдү колдонуп, жооп бериши керек.<br>**2-кадам.** Мугалим окуучуга топту ыргытып, ага суроо берет:<br>– Сенин атың ким?<br>Окуучу мугалимге берилген тыбыштан башталган сөз менен жооп берет, мисалы:<br>– Татыгүл.<br>– Фамилияңчы?<br>– Токомбекова.<br>– Сен каяктан келдиң?<br>– Таластан.<br>– Ал жакта эмне өсөт?<br>– Төө буурчак.<br>Бул көнүгүүнү башка окуучулар менен жана ар түрдүү тыбыштар менен 3–5 жолу кайталагыла. |
| **Үлгү** | |



| Аталышы | ТЫБЫШТЫ ТАП |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | – |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим (а) тыбышын үн чыгарбай так артикуляциялайт, тыбышты айтуу учурунда эриндин абалына көңүл бурат.<br><br>**2-кадам.** Окуучулар артикуляциялык аппараттын органдарынын абалын эстеп калуу менен, мугалимдин үлгүсү боюнча берилген артикуляциялык багытты кайталашат жана тыбышты айтышат.<br><br>**3-кадам.** Эгерде сөздүн бардыгы жана тыбыш туура айтылган болсо, мугалим аткарылган тапшырма үчүн окуучуларга ыраазычылык билдирет, аларды мактайт.<br><br>**Көңүл бургула!** Ушул көнүгүүнү ар түрдүү тыбыштар менен өткөрүү сунушталат.<br><br>Андан соң окуучулардын бирөөсү алып баруучунун ролун аткарса болот. |
| **Үлгү** | |
| | Мисалы:<br><br>М-А-Й, К-Ө-З, К-А-Ш, М-О-Л, Ш-А-Р, Т-О-Р, Б-А-К, Т-О-К, Н-У-Р, Ч-Ы-Р, Ч-О-К, С-О-М, Ж-У-М, Т-А-Р ...<br><br>• Р-О-З-А, Ш-О-Р-О, Т-О-Р-Т, Ч-Ы-Н-Ы, К-О-Ё-Н, Ч-А-Н-А, Б-А-Т-А, Т-А-Я-К, Т-А-К-А, Ш-У-Р-У ...<br><br>• К-А-З-А-Н, Ч-О-К-О-Й, Т-А-М-А-К, К-А-Ш-Ы-К, Т-А-М-А-Н, Т-А-Р-А-К, Ч-А-Т-Ы-Р, К-И-Т-Е-П, Э-М-Г-Е-К ... |

| Аталышы | ТЫБЫШТЫ КАРМА |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• алардын сапатын аныкташат (үндүүлөр: жоон – ичке үндүү тыбыштар; үнсүздөр: жумшак – каткалаң үнсүз тыбыштар). |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Сөздөрдүн тизмеси |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо) |
| **Аткаруу тартиби** | Эскертүү: Эгер окуучулар сөздөн [к] тыбышын угушса, анда алар кол чабышат.<br>**1-кадам.** Мугалим төмөнкү сөздөрдү айтат: [к]ран, мышы[к], быча[к], мурут.<br>**2-кадам.** Окуучулар [к] тыбышын угуп аныктаган жана тааныган учурда кол чабышат.<br>**3-кадам.** Тапшырма туура аткарылса мугалим окуучуларга ыраазычылык билдирет, аларды мактайт.<br>Башка каалаган тыбыштар менен кайталоо:<br>[Ш] – мышык, төшөк, миской, шапалак…; [С] – самын, ат, сөйкө, сандык, сан…; [Р] – роза, лампа, радио, …; [Л] – плов, лампочка, балка, бал… |
| **Үлгү** | |




| Аталышы | МУУНДАРДЫ ТҮЗ |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• муундарды түзүшөт. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Алфавиттин бардык тамгалары тартылган карточкалар |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (жалпы, кичи топтордо), жекече |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим алфавиттин бардык 36 тамгасы менен карточкаларды таратат жана окуучуларга төмөнкү тапшырмаларды аткаруусун сунуштайт:<br>– Тамгалар, «КЫШ» деген сөздү курагыла.<br>Окуучулар тамгаларды алдыга кармап тактага чыгышат.<br>**2-кадам.** Мугалим класстын бардыгына төмөнкү суроолорду берет:<br>– Бул сөздө канча тыбыш? Аларды атагыла.<br>– Канча үндүү тыбыш? Аларды атагыла.<br>– Канча каткалаң үнсүз? Аларды атагыла.<br>– Канча жумшак үнсүз? Аларды атагыла.<br>Окуучулар кимди айтышса, ордунда отурушу керек. Мисалы, биринчи суроого окуучулар «кыш» деген сөздө 3 тыбыш бар, алар [К], [Ы], [Ш] – деп жооп беришет. Ушул тамгаларды кармаган окуучулар, тыбыштар айтылган сайын ордуларында отуруп турушат.<br>**3-кадам.** Мугалим төмөнкүдөй сөздөрдү пайдаланышы мүмкүн: *күз, кино, дарбыз* ж. б. Сөздөрдү тандоодо «Жөнөкөйдөн татаалга» дидактикалык принципти пайдалануу маанилүү, мисалы, *үй, мышык, роза, байке, бак-дарак, учак* ж. б. |

**Үлгү**



| Аталышы | МЫКТЫ СҮРӨТЧҮ |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• мыкты тыбыштык кабыл алуу көндүмдөрүн көрсөтүшөт;<br>• сөздөрдүн тыбыштык талдоосун жүргүзө алышат. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу |
| **Классы** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуганга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | Альбом, калем, түстүү калемдер, сызгыч |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Жекече жана жупта иштөө |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга сүрөттөрдү таратат жана тапшырманы түшүндүрөт: сүрөттө тартылган буюмдардын аталышын аныктагыла жана сызык түрүндө сөздүн схемасын же ушул сөздүн муундарынын схемасын сүрөттүн астына тарткыла, анда ар бир муун жаа катары белгиленет жана тыбышты үйрөнүүнүн ордун көрсөткүлө.<br>**2-кадам.** Окуучулар дептерлеринде тапшырманы аткарышат.<br>**3-кадам.** Окуучулар жупта иштешет жана иштин жыйынтыгын талкуулашат. Бири-бирине туура аткарууга жардам беришет.<br>**4-кадам.** Мугалим тандоо менен 4–6 жупту текшерсе болот. |

**Үлгү**



| Аталышы | СЫЙКЫРЛАНГАН СӨЗ |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн тыбыштык талдоосун өткөрө алышат. |
| Модуль | Тыбыштык кабыл алуу, алфавит менен таанышуу |
| Классы | 1 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда, окуудан кийин |
| Керектүү ресурстар | Сөздөрду түзүү үчүн кагаздан кесилген тамгалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Жекече, топтук |
| Аткаруу тартиби | «Сыйкырланган сөз» көнүгүү-оюну адаттагы сюжеттик-ролдук оюн катары өткөрүлөт. Мугалим алып баруучу бир окуучу Каардуу сыйкырчы, ал эми калган окуучулар куткаруучулардын ролун аткарышат, ал сарайдан улам чыгып кеткен учурда тамгаларды жана тыбыштарды сактап калса болот.<br><br>**1-кадам.** Мугалим окуучуларга Каардуу сыйкырчы тууралуу окуяны айтып берет, ал сөздөрдү сыйкырлайт жана ошондуктан алар сыйкырчынын сарайынан чыга алышпайт. Сөздөр кайсы тыбыштардан тураарын билишпейт жана тандалган окуучулар – куткаруучулар аларга муну түшүндүрүшү керек. Сөздүн тыбыштары керектүү ирettүүлүктө туура айтылса, сөз куткарылат, эркин деп эсептелинет.<br><br>**2-кадам.** Мугалим бир окуучуну Каардуу сыйкырчынын ролуна тандап алат, аны өзүнчө отургучка отургузат, ага сарайдын сүрөтүн коёт. Каардуу сыйкырчыны ойноп жаткан окуучу убак-убагы менен отургуч сарайдын чыгып басып кетет.<br><br>**3-кадам.** Мугалим «сыйкырланган» сөздү айтат, ал эми куткаруучулар алардан турган тыбышты так кайталашы керек. Мисалы, «Балдар, БАШ сөзүн чечмелейбиз».<br><br>**4-кадам.** Тандалган окуучу сөздүн курамындагы тыбыштарды ирети менен айтат «б – а – ш».<br>Оюн 3–5 жолу өткөрүлөт. Жөнөкөй үч-төрт тамгадан турган сөздөн башталат. Ар бир учурда мугалим «сыйкырланган» сөздөрдү татаалдатса болот. |

## Үлгү



| Аталышы | СӨЗДӨ КАЙСЫ ТЫБЫШ ЖОГОЛДУ? |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдүн тыбыштык талдоосун жүргүзө алышат. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү ресурстар** | «Керемет көч» мультфильмдеги сүрөттөр |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларга кайрылат.<br>– Актан кайсы сөздөрдү жазгысы келди? Актан кайсы тыбышты калтырып салды? Бул тыбыш кайда жайгашкан (башында, ортосунда же аягында)?<br>**2-кадам.** Мугалим сап-сап менен А. Кыдыровдун ырын окуйт:<br>***БУЛ** деген сөзгө **АК**ты кошсом,*<br>*Кадимки эле …**УЛАК** болду. (булак)*<br>***Б** ордуна **К** ны койсом,*<br>*Бир кичине К**У...АК** болду. (кулак)*<br>***К**сын алып таштасам*<br>*Бир заматта **…УЛАК** болду. (улак)*<br>***УТ**ту кошсом **БУЛ**га*<br>*Пайда болду **БУ…УТ**. (булут)*<br>***Б**сын алсам бат эле*<br>*Өзгөрдү болуп **У…УТ**. (улут)*<br>***БУЛ**га кошсом **БУЛ**ду,*<br>*Болуп чыкты **БУЛ…УЛ**. (булбул)*<br>***Б** ордуна **Д**ны койсоң,*<br>*Арыбаган **ДУЛ…УЛ**. (дулдул)*<br>*Улай берсең ушинтип*<br>*Далай сөздү табасың.*<br>*Маанилерин иликтеп*<br>*Көптү билип аласың.*<br>**3-кадам.** Окуучулар мугалим окуган сүйлөмдөрдү угушат, сөздөрдү угуу аркылуу кайсы тыбыштар (тамгалар) калып калганын аныкташат. Хор менен (жекече) калтырылган тыбыштарды жана толугу менен калыптанган сөздөрдү аташат. |

| Аталышы | ТОГОЛОКТОЛГОН КАР |
|---|---|
| Күтүлүүчү натыйжалар | Окуучулар:<br>• берилген тыбыш катышкан сөздөрдү табышат. |
| Модуль | Тыбыштык кабыл алуу |
| Классы | 1 |
| Окуу баскычы | Окуу учурунда |
| Керектүү ресурстар | Муундар тартылган карточкалар |
| Окутууну уюштуруу формасы | Кичи топтордогу иш. Көнүгүүнү кичи топтордо өткөрүү сунушталат (4–6 окуучу) |
| Аткаруу тартиби | **1-кадам.** Окуучулар кичи топторго бөлүнүшүп (3–5 катышуучу), Тегерек болуп турушат.<br><br>**2-кадам.** Мугалим тыбышты атайт, окуучулар ушул тыбыш катышкан сөздөрдү айтышы керек. Биринчи ойногон окуучу сөздү айтат, экинчи аны кайталайт жана өзүнүкүн кошумчалайт ж. б. Ар бир катышуучу катарды бир сөзгө көбөйтөт, мисалы: [Ж]-тыбышына<br><br>жай<br>жай, жаз<br>жай, жаз, жылдыз<br>жай, жаз, жылдыз, жарма ж. б.<br><br>**3-кадам.** Мугалим кырдаалга жараша (топтордогу окуучулардын ишиндеги тынчып калуусу) көнүгүү-оюнду токтотуп, жаңы тыбышты айтып, мисалы [К] тыбышын, оюнду кайра баштайт.<br><br>**4-кадам.** Мугалим ар бир топтон бир окуучуну сөздөрдүн бардык чынжырчасын айтып берүүнү өтүнөт. Мугалим эң чоң чынжырчаны түзгөн топтун ишин белгилеп кетсе болот. |

**Үлгү**



| Аталышы | **КЕРЕКТҮҮ СӨЗДҮ ТАП (1)** |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• бир сөздө белгиленген тыбыш менен рифмалашкан тыбышы бар сөздөрдү аныкташат. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү ресурстар** | Мугалим багыт берген сөздөр камтылган ырларды даярдайт. |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук, жекече |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим ырдын сабын акыркы сөзүнө басым жасоо менен окуйт.<br>**2-кадам.** Окуучу ырдагы рифмага туура келүү үчүн сунушталган сөздөрдүн бирөөсүн тандашы керек.<br>**3-кадам.** Көнүгүүнүн аягында мугалим бардык окуучуларга активдүүлүгү үчүн ыраазычылык билдирет.<br>**Тиркеме:**<br>Күнүгө жесең танбаган,<br>Жагымдуу, баалуу табылгыс.<br>Крахмалы эзилген,<br>Экинчи жеген – ... *(бал муздак, наныбыз, сабиз)*<br><br>Кызарып бышкан кезинде,<br>Кыйласынан даамдуу.<br>Байкасаңар базардан,<br>Баарысынан алымдуу.<br>Бут тамакка кошулат,<br>Витаминдүү, ... *(жемиш, сабиз, жагымдуу)*.<br>*Каныбек Жунушевдин ырларынан* |

| Аталышы | КЕРЕКТҮҮ СӨЗДҮ ТАП (2) |
|---|---|
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• берилген тыбыш катышкан сөздү табышат. |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окуу учурунда |
| **Керектүү ресурстар** | Мугалим ыр түрүндөгү тексттерди жана жооп берүүгө ылайык сөздөрдү даярдайт. |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук, жекече |
| **Аткаруу тартиби** | **1-кадам.** Мугалим ырды окуйт. Окуучулар мааниси дал келген сөздөрдү тандашат (ырлар Т. Самудиновдун «Ар бакчадан бирден гүл» китебинен алынды):<br>– Чырылдаган бул эмне?<br>Чөп ичинде...<br>Дан эгинди курутуп,<br>Кээде салат кейишке.<br>(коюу үчүн сөздөр: ЧЫЧКАН, ЧЕГИРТКЕ, КУМУРСКА)<br><br>– Курулдаган бул эмне?<br>Там түбүндө ...<br>Кокуй, үйдөн алыстат<br>Курулдагын тыйбаса.<br>(коюу үчүн сөздөр: КОҢУЗ, КЕСКЕЛДИРИК, ЖАРГАНАТ, БАКА)<br><br>– Дырылдаган бул эмне?<br>Шире издеген ...<br>Назиктигин карасаң,<br>Гүлгө конот ийменип.<br>(коюу үчүн сөздөр: ААРЫ, ИЙНЕЛИК, КӨПӨЛӨК)<br><br>– Уңулдаган бул эмне?<br>Ким экенин жашырбайт.<br>Ал – ...<br>Конфет сурап басылбайт.<br>(коюу үчүн сөздөр: МЫШЫК, ИТ, ЭРКЕ БАЛА) |

**2-кадам.** [К] тыбышы менен рифмалашкан жашылчалардын аталышын тандоо (ырлар К. Жунушевдин «Күн чубак» китебинен алынды):

Кызарып кетет менен өндүү,
Билбесе ким сабагын.
Тамакка көп салынсам,
Башка даам жоголуп,
Өзүм эле каламын (калемпир).

Көйнөк, күрмө, чапанын,
Билбейм канча катарын.
Челекке салып туздап ал!
Кааласаң салат жасагын,
Кааласаң борщ жасагын (капуста).

Биз өстүргөн...
Шириндиги ушунча!
Шекерин анын татпаган,
Жоктур бир да балакай,
Бизде дагы, чет элде (кызылча).

Окуучулардын көңүлүн рифмага буруу. Сөздөрдү жуптар да кайталап так айтуу зарыл.

**3-кадам.** Мугалим рифмалашкан сөздөрдү тандоону сунуштайт (ырлар К. Жунушевдин «Күн чубак» китебинен алынды):

Тиктесең тоону, бийикти,
Көрөсүң андан ... (кийикти).

Асмандагы жылдызды
Бирден терип санадым.
Жакыныраак болсун деп
Тамга чыгып ... (карадым).

Ойнобойт балдар баткакка,
Кийимдерин булгабай
Жүрүшөт дайыма ... (таптаза).

Ээн талаа, токойдон
Эч кимдин үнү угулбайт.
Кулагым тосо тыңшасам,
Кумурска ичи (курулдайт).

Түшүнөм баарын билемин,
Батинкемеден эң мурда,
Байпагымды... (киемин).

| Аталышы | БЕШ МҮНӨТТҮК «ТЫБЫШТАР МЕНЕН ОЮН» |
| --- | --- |
| **Күтүлүүчү натыйжалар** | Окуучулар:<br>• сөздөрдөгү тыбыштарды бөлүп көрсөтүшөт;<br>• берилген тыбыш катышкан сөздөрдү айтышат;<br>• сөздөрдөгү тыбыштар менен «ойношот». |
| **Модуль** | Тыбыштык кабыл алуу |
| **Классы** | 1–2 |
| **Окуу баскычы** | Окууга чейин |
| **Керектүү ресурстар** | – |
| **Окутууну уюштуруу формасы** | Топтук (чоң жана кичи топтор) |
| **«Аттар» оюну** | **1-кадам.** Мугалим окуучуларды өздөрүнүн аттарындагы окшош тыбыштарды табуусун өтүнөт.<br>**2-кадам.** Мугалим оюну аттары окшош тыбыштардан турган окуучуларды чакырат. Мисалы, *Асель, Азамат, Асылбек, Айнура, Алексей, Аяна.* Аларды өзүлөрүнүн аттарын үн чыгарып айтуусун өтүнгүшөт.<br>Окуучулардын аттарынын бардыгы бир эле тыбыштан башталып жаткандыгына көңүл бурат (тамганы эмес, тыбышты айтуу керектигине көңүл бургула, бул мисалдагыдай [А]).<br>Мына ушуну эле башка окуучулардын тобу менен кайталайт. Мисалы, *Бакыт, Баяна, Бактыгуль, Болот, Борис, Бэлла.*<br>Бул көнүгүүнү тыбыштарды жана кийинчерээк тамгаларды үйрөнүүдө пайдаланса жакшы. |
| **«Сөздөр» оюну** | Мугалим окуучуларга белгилүү тыбыштан башталган сөздөрдү айтууну сунуштайт. Мисалы *[К] – карга, карагат, кумурска, канат, камчы, кайык.* |
| **«Буюмдар» оюну** | Мугалим белгилүү тыбыштардан башталган буюмдардын сүрөтүн таратат (3–4 тыбышты тандаса жакшы). Окуучулардан тыбыштар боюнча кичи топторго бөлүнүүнү (биринчи топ – [А] тыбышы, экинчи [Б] тыбышы ж. б.) өтүнөт жана топтор боюнча бөлүнгөн тыбыштардан башталган буюмдардын сүрөттөрүн тезирээк чогултууну сунуштайт. Андан соң бардык топторду табылган буюмдардын аталыштарын катуу айтууну жана аларды бириктирген тыбышты белгилөөнү сунуштайт. |
| **«Буюмдар менен үч сүрөт» оюну** | Мугалим окуучуларга аталыштары бир эле тыбыштан башталган буюмдар менен үч сүрөттү көрсөтөт жана ушул тыбышты хор менен айтууну сунуштайт. |
| **«Артыкча буюмду тап» оюну** | Мугалим окуучуларга үч сүрөттү көрсөтөт, эки буюмдун аталышы бир эле тыбыштан, бирөө – башка тыбыштан башталат. Окуучулар «ашыкча» сөздү табышы керек.<br>Мугалим кайталанган тыбышты хор менен айтууну сунуштайт. |

| | |
|---|---|
| **«Сыйкырдуу баштык» оюну** | Мугалим баштыкка аталышында бирдей тыбыш бар буюмдар тартылган бир нече карточкаларды салат. Беш-алты сөздү алса болот. Ар бир окуучу бир сөздү алып чыгат жана үн чыгарып айтат. Бардык сөздөр көрсөтүлгөндө окуучулар карточкада тартылган бардык буюмдардын аталышында кездешкен бир тыбышты табышат. |
| **«Тыбышты тап» оюну** | Мугалим тактага бир белгилүү тыбышты жазат. Мисалы, *И*. белгилүү жомокту, ырды окуйт жана окуп жатканда тактада жазылган тыбышты уккан учурда окуучуларды колун көтөрүүнү сунуштайт. |
| **«Чемодан» оюну** | Мугалим чемодандын сүрөтүн сүрөттү көрсөтөт жана окуучулардан алыскы саякатка керек болгон буюмдарды салууну өтүнөт. Бирок бир шарт бар – бардык буюмдар белгилүү тыбыштан башталышы керек. Бул тыбыш жашыруун болуп кала берет. Окуучулар буюмдарды айтышат, бирок чемоданга жашыруун тыбыштан башталган гана буюмдар «түшөт». Бул сөздөр чемодан менен сүрөттүн тегерегине жазылат. Оюндун аягында окуучулар жашыруун тыбышты табышы керек. |

**Үлгү**



Мугалим аткаруу тартибин түшүндүрөт: «Биз саякатка барабыз. Чемоданга аталышы окшош тыбыштан башталган буюмдарды жайгаштырабыз. Төмөндөгү мисалда [С] тыбышынан башталган буюмдарды алабыз. Мисалы, *свитер, сүлгү...*».











# 7. ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


1. *Ахматов Т., Мукамбаев Ж.* Азыркы кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1978. – 90 б.
2. *Ахматов Т., Өмүралиева С.* Кыргыз тили: фонетика, лексика. – Фрунзе: Мектеп, 1990. 3–118 б.
3. Балдар фольклору «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. – Бишкек: Шам, 1998.
4. *Би Х*. Развитие ребенка, 2004.
5. *Джексон Н.* Классный учитель. Как работать с трудными учениками, сложными родителями и получать удовольствие от профессии, 2016.
6. *Жунушев К.* Күн чубак. – Б.: Кутаалам, 2012. – 13-б.
7. Кыргыз балдар поэзиясынын антологиясы. – Фрунзе: Мектеп, 1987.
8. *ЛемовД*. Мастерство учителя. Проверенные методики выдающихся преподавателей. – М.: «Манн, Иванов и Фербер», 2016. – стр. 321–401.
9. Раз, два, три, четыре, пять – любим всей семьёй читать (на кыргызском, русском языках): Пособие ЮНИСЕФ. – Бишкек: Maxprint, – 2014. – 68 с.
10. *Рахимова М. Р.* Киргизские писатели детям: Хрестоматия. – Фрунзе: Мектеп, 1986.
11. *Самудинов Т.* Ар бакчадан бирден гүл. – Б.: Бийиктик, 2012. – 184 б.
12. *Эльконин Д. Б.* Как научить детей читать. Избранные психологические труды. – М., 1989.
13. *Эсенгулова М. М., Усупова М.* Улучшение навыков чтения у учеников начальных классов. – Бишкек: Maxprint, – 2014. 280 с.
14. *Abbas Pourhossein Gilakjani and Seyedeh Masoumeh Ahmadi.* The Effect of Visual, Auditory, and Kinesthetic Learning Styles on Language Teaching, 2011 International Conference on Social Science and Humanity IPEDR vol.5 (2011) © (2011) IACSIT Press.
15. *Kemba A. N'Namdi*. Guide of teaching reading at primary school level. UNISCO, 2005.
16. Literacy teaching guide: Phonemic awareness, page 11.
17. National Institute for Literacy, the Partnership for Reading. Put Reading first. The Research Building Blocks for Teaching Children to Read.
18. Teaching reading. The Reading teacher. Vol.48, No.6, March 1995, International Reading Association. Hallie Kay Yopp, Reading Aloud books for developing phonemic awareness: an annotated bibliography.